## ABSTRACT

of the dissertation of *Karasheva Nurmira Kazakovna* on **"*The methodological role of the conditionality method to study the laws of systems*", presented for the degree of candidate of philosophical sciences in the specialty: 09. 00. 01 - ontology and epistemology**

**Keywords:** determinant, determination, causalizm, cognitive, conditionalism, conditionality, concept, methodology, conditioned, conditionality, reason, causality, psychomonism, consequence, condition, explication.

**Object of study.** The object of this study is the conditionality method of philosophy.

**Purpose of the study** - logical and methodological analysis of the essence of the method of conditionality, its conceptual components and place in the system of techniques of philosophy.

**Theoretical and methodological basis of the thesis** has been constituted of the basic methods, principles, methodological requirements and different regulatives of philosophy and science: methods of analysis and synthesis, induction and deduction, description and generalization, extrapolations, abstraction, systemic and functional approach. We used the works and ideas of the German, Russian, Kazakh and Kyrgyz researchers not only in philosophy, but also in specific sciences.

**Research novelty.** In the course of study a logical and methodological analysis of the nature of conditionality method has been carried out, and the essence of Max Ferworn's idealistic doctrine of psychomonism has been disclosed and his methodology and absolutization of the role of conditionality method and its individual components (for example, conditions) have been criticized.

**Recommendations on the use and sphere of application**: The results and findings of the thesis can be used in the preparation of programmes in philosophy, in the development of specialized courses and textbooks for institutions of higher education; the research materials can also interest graduate researchers in the field of science and other related specialists.



**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУК**
**ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**К. КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК**
**ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕНЕШ**
**Д. 09.16.534**

*Кол жазма укугунда*
***УДК:****141.151(575.2)(043.3)*

**КАРАШЕВА НУРМИРА КАЗАКОВНА**

# ИЗИЛДӨӨДӨ КОНДИЦИОНАЛДЫК ЫКМАНЫН РОЛУ: ФИЛОСОФИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК АНАЛИЗ

Адистик: 09.00.01 – онтология жана таанып билүү теориясы

**Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек - 2017

**Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин социалдык иш кафедрасында аткарылды.**

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | философия илимдеринин доктору, профессор **Карабеков Кадырбек Чолпонбаевич** |
| **Расмий оппоненттер:** | философия илимдеринин доктору, профессор **Бокошев Жамгырбек Бокошевич;** |
| | философия илимдеринин кандидаты, доцент **Алымкулов Замирбек** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | **Ш.М. Ниязалиева атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык илимдер кафедрасы** |

Диссертация 2017-жылдын «____» _______________ саат ______ дө КР Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунда, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитрадык университети жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетиндеги философия илимдеринин доктору (кандидаты) жана маданият таануу илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 09.16.534 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: Бишкек шаары, Чүй проспекти, 265-а.

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот (дареги: 72071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265-а).

Автореферат 2017-жылдын «____» ______________ жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент** **Акматова Н.С.**



**Р Е З Ю М Е**

**диссертации Карашевой Нурмиры Казаковны на тему «Методологическая роль кондиционального метода в исследовании закономерностей систем», представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.01 – онтология и теория познания**

**Ключевые слова:** детерминант, детерминация, каузализм, когнитив, кондиционализм, кондициональный, концептуальный, методология, обусловленное, обусловленность, причина, причинность, психомонизм, следствие, условие, экспликация.

**Объект исследования**. Объектом данного исследования является кондициональный метод философии.

**Цель исследования** - логико-методологический анализ сущности кондиционального метода, его концептуальных компонентов и места в системе методов философии.

**Теоретическую и методологическую основу диссертации** составили основные методы, принципы, методологические требования и разные регулятивы философии и науки: методы анализа и синтеза, индукции и дедукции, описания и обобщения, экстраполяции, абстрагирования, системного и функционального подхода. В работе использовались труды, идеи немецких, российских, казахских и кыргызских исследователей не только по философии, но и по конкретным наукам.

**Научная новизна исследования.** В ходе исследования осуществлен логико-методологический анализ природы кондиционального метода, а также раскрыта идеалистическая сущность учения Макса Ферворна о психомонизме и подвергнута критике методология М. Ферворна и абсолютизация им роли кондиционального метода и его отдельных компонентов (например, условия).

**Рекомендации по использованию:** Результаты и выводы, полученные в диссертации, могут быть использованы при составлении программ по философии, при разработке спецкурсов в высших учебных заведениях, учебников для высших учебных заведений; материалы исследования могут быт также полезны аспирантам, соискателям и исследователям в данной области науки и всем интересующимся.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Изилдөөдө кондиционалдык методдун табияты логикалык-методологиялык талдоого алынды жана психомонизм жөнүндөгү Макс Ферворндун окуусунун идеалисттик маңызы ачылды, ошондой эле М. Ферворндун методологиясы менен анын кондиционалдык методду жана анын айрым компоненттеринин ролун абсолютташтырганы сынга алынды (мисалы, шарттарды).

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Диссертацияда берилген корутундулар, тыянактар, сунуштар жана жыйынтыктар жогорку окуу жайларында философия боюнча окуу программаларын, окуу китептерин түзүүдө, атайын курстарды окутууда пайдаланууга болот, ошондой эле изилдөөнүн материалдары аспиранттардын, изденүүчүлөрдүн жана илимдин ушул тармагына кызыккандардын чыгармачылыгын өркүндөтүүсү үчүн кызмат кыла алат.



# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Коомдук жашоону аңдоого багытталып, өзүнө көптөгөн методологиялык принциптерди жана концептуалдык көрсөтмөлөрдү камтыгандыктан гуманитардык таанып билүү чөйрөсү жалпы илимдер системасында олуттуу орунду ээлейт. Учурда гуманитардык таанып билүүнүн теоретикалык-методологиялык негиздерин башкача ойлонуп түшүнүү зарылчылыгы келип чыкты. Бул маселени чечүү үчүн гуманитардык илимдердин башкы методологиялык негиздерин комплекстүү түшүнүү жана философиялык рефлексия зарыл. Тактап айтканда, заманбап маалыматтык коомдун өнүгүүсүндө гуманитардык билимдин башкы ролу менен актуалдаштырылган гуманитардык изилдөөдөгү кондиционалдык ыкманын теориялык маңызы жөнүндө суроо туулат.

Кондиционалдык ыкманын көйгөйлөрүн изилдөөнүн актуалдуулугу, биздин оюбузча, философия жана илимдин көп кылымдар бою келе жаткан концептуалдык потенциалын катыштырбай системалуу түрдө жүзөгө ашырылышы мүмкүн эместигин чече турган табият жана коомдун жашоосунун фундаменталдык шарттарынын түп тамырынан өзгөрүү мүмкүнчүлүгүн козгогон глобалдык масштабдагы өтө курч көйгөйлөрдүн жаралышы менен шартталган.

Көз караштардын ар түрдүүлүгүнө карабастан кондиционалдык ыкманын маселелерине байланыштуу жүргүзүлгөн философиялык дискурс жетиштүү иштелип чыккан эмес. Бул ыкманы изилдөөнүн актуалдуулугу болуп көйгөйдүн философиялык рефлексия деңгээлинде теориялык жактан жетишерлик эмес иштелгендигин аныктап, анын табиятын, маани-маңыздык өзгөчөлүктөрүн, типологиялык учурларын, изилдөөнүн методологиясын, тарыхый динамикасын, табигый жана коомдук-маданий детерминациянын өнүгүү жана иштөө механизмин ачып берүү эсептелет.

Кандайдыр бир белгисиз себептер менен ушул убакка чейин философия илиминде толугу менен иштелип чыга элек кондиционалдык ыкма табияттын, коомдун жана аң сезимдин шарттарынын жаралуу, жашоо жана өнүгүү мыйзамченемдерин изилдөөгө түздөн-түз катышы бар, мезгил менен апробацияланган баалуу идеялардын арсеналын (кампасы, топтому) камтыган философиянын ыкмаларынын бирине кирет.

Албетте, бул талдоого алынып жаткан ыкмага окумуштуулар тарабынан таптакыр көңүл бурулган эмес дегендикке жатпайт. Жок, кондиционалдык ыкманын айрым компоненттерине байланыштуу маселелер философиялык жана илимий эмгектерде белгилүү бир деңгээлде чечилген. Ошону менен бирге философиялык эмгектерде

кондиционалдык ыкманын жана анын түрдүү компоненттеринин бирдиктүү, системалуу түрдө каралышы жокко эсе.

Кондиционалдык ыкманын философиянын өз алдынча, бирдиктүү методологиялык каражаты катары толугу менен иштелип чыкпаса да, анын негизги компоненттери (шарты, шартталышы, шартталышы жана шарттардын түрлөрү ж.б.) азыркы илим жана практикада кеңири колдонулуп келет.

Жогоруда белгиленген фактылардын натыйжасында кондиционалдык ыкманын ар тараптуу изилдениши бул теманын актуалдуулугун далилдейт.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелер тарабынан өткөрүлгөн ири илимий программалар, негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.**

Изилдөөнүн темасы Ош мамлекеттик университетинин илимий программалар жана тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети**. Изилдөөнүн объектиси болуп философиянын өзгөчө ыкмаларынын бири болгон кондиционалдык ыкма эсептелет. Изилдөөнүн предмети болуп кондиционалдык ыкманын методологиялык мааниси, негизги концептуалдык компоненттери жана анын таанып билүүдөгү орду саналат.

**Изилдөөнүн мексаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин негизги максаты болуп философиялык рефлексиянын деңгээлинде бирдиктүү, концептуалдуу изилдөө жүргүзүү, кондиционалдык ыкманын маани-маңызына философиялык-методологиялык анализ жүргүзүү жана анын философиялык ыкмалардын системасындагы ордун аныктоо эсептелет.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкүдөй маселелер коюлду:

- кондиционалдык ыкманы изилдөөнүн методологиясын иштеп чыгуу;
- кондиционалдык ыкманын философиялык-методологиялык маңызын ачуу;
- кондиционализм философиялык багыт катары субъктивдүү-идеалисттик багытта маани экенин аныктоо;
- кондиционалдык ыкманын концептуалдык курамдык бөлүктөрүн изилдөө;
- детерминизм ыкмаларынын системасында коондиционалдык ыкманын ордун изилдөө;
- Макс Ферворндун кондиционалдык ыкма тууралуу көз карашында орун алган бир тараптуу, жаңылыш учурларын аныктоо;

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Изилдөө ишинде биринчи жолу философиялык рефлексия деңгээлинде бирдиктүү изилдөө жүргүзүлдү.



**Карашева Нурмира Казаковнанын «Системалардын закон ченемдүүлүктөрүн изилдөөдө кондиционалдык методдун ролу» аттуу темада 09.00.01 – онтология жана таанып теориясы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын**

**Р Е З Ю М Е С И**

**Түйүндүү сөздөр:** детерминант, детерминация, каузализм, когнитив, кондиционализм, кондиционалдык, концептуалдуу, методология, шартталган, шартталгандык, себеп, себептүүлүк, психомонизм, натыйжа, шарт, экспликация.

**Изилдөө обьектиси:** Изилдөөнүн обьектиси болуп философиянын кондиционалдык методу саналат.

**Диссертациялык иштин негизги максаты:** Кондиционалдык методдун маани-маңызын, концептуалдуу компоненттерин жана анын философиянын методдор системасындагы ордун логикалык-методологиялык жактан талдоо.

**Диссертациянын теориялык жана методологиялык негизин** философиянын жана илимдин негизги методдору, принциптери, методологиялык талаптары жана ар түрдүү регулятивдери: анализ жана синтез, индукция жана дедукция, баяндоо жана жалпылоо, экстраполяция, абстракциялоо, системалык жана функционалдык мамиле методдору түздү. Диссертацияда философия гана эмес, конкреттүү илимдер боюнча жазылган немец, орус, казак жана кыргыз илимпоздорунун эмгектери, идеялары пайдаланылды.

**эмгектеринде чагылдырылды:**

1. **Карашева Н.К.** «Когнитивные условия функционирования методологических требований» [Текст] /Н.К. Карашева // *Высшая школа Казахстана. Международное научно-педагогическое издание, №4. - Алматы, 2014.- С. 33-44.*

2. **Карашева Н.К.** «Обусловленность методологических требований объективными условиями мира». [Текст] /Н.К. Карашева //*Материалы международной научно-практической конференции «Экономическая наука: вчера, сегодня, завтра». Вестник КГНУ им. Жусупа Баласагына. Специальный выпуск, часть 1. - Бишкек, 2014. – С. 272-277.*

3. **Карашева Н.К.** «Взаимозависимость системы и условий» [Текст] /Н.К. Карашева // *Известия ВУЗов. №10. – Бишкек, 2014. – С. 136-140.*

4. **Карашева Н.К.** «Методологическая роль кондиционального метода в системном анализе условий экологических процессов» [Текст] /Н.К. Карашева // *Известия ВУЗов. №6. – Бишкек, 2015. – С. 33-41.*

5. **Карашева Н.К.** «Общая характеристика кондиционального метода» [Текст] /Н.К. Карашева // *Известия ВУЗов. №12. – Бишкек, 2015. –С. 172-175.*

6. **Карашева Н.К.** «Детерминация законов социальных явлений условиями существования и развития общества» [Текст] /Н.К. Карашева // *Интерактивная наука. Ежемесячный международный научный журнал. №2. – Москва, 2016. – С. 130-133.*

7. **Карашева Н.К.** Структура условий существования и развития общества [Текст] /Н.К. Карашева // *Интерактивная наука. Ежемесячный международный научный журнал. №8. – Москва, 2016 – 31-34.*

8. **Карашева Н.К.** Познавательная сущность требования внешней и внутренней обусловленности [Текст] /Н.К. Карашева // Журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана (РИНЦ)». № . – Ош, 2016.



Иликтөөнүн жүрүшүндө жаңычылдыктын ар түрдүү элементтерин камтыган төмөндөгү когнитивдүү аракеттер иш жүзүнө ашырылган:

- кондиционалдык ыкманын табиятына логикалык-методологиялык талдоо жүргүзүлдү;
- Макса Ферворндун психомонизм жөнүндөгү окуунун иделисттикмаңызы ачылып берилди;
- М.Ферворндун методологиясы жана ал тараптан кондиционалдык ыкманын жана анын айрым курамдык бөлүктөрүнүн ролунун абсолютташтырылышы сынга алынган (мисалы, шарттар);
- илимий таанып билүүдөгү себеп жана себептүүлүктүн М. Ферворн тарабынан көңүлгө алынбагандыгын баалоо;
- кондиционалдык ыкманын концептуалдык компоненттеринин түзүмү такталдык;
- детерминизм ыкмаларынын системасында кондиционалдык ыкманын орду аныкталды;
- детерминациянын түрлөрү такталды: себептүү, түзүмдүк, иштемдүү, кондиционалдык, статистикалык ж.б.

**Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негизи.** Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизи катары анализ жана синтез ыкмасы, индукция жана дедукция, сыпаттоо жана жалпылоо, экстраполяция, абстракциялоо, системалык жана функционалдык көз караш сыяктуу философия жана илимдин негизги ыкмалары, принциптери, методолгиялык талаптары жана түрдүү регулятивдер эсептелди. Диссертациялык иште философия боюнча гана эмес, ошондой эле так илимдер боюнча немец, орус, казак, кыргыз изилдөөчүлөрүнүн эмгектери жана идеялары колдонду.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык баалуулугу** - белгиленген көйгөйлөрдүн иштелип чыгышы философияны үйрөнүүдө белгилүү бир салымын кошкондугунда болуп саналат. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар философиялык ыкмалардын табияты жөнүндөгү билимди, өзгөчө детерминациянын ар кандай түрлөрүн билүүгө негизделген маалыматты кеңейтүүгө мүмкүндүк берет (детерминизм, себептүүлүк жана түзүмдүк иштемдүү детерминация ыкмасы).

Мындан сырткары, изилдөөнүн жыйынтыктары коом жана инсандын (личность) жашоосунун объективдүү, субъективдүү, материалдык, руханий жана социомаданий шарттарынын, ошондой эле, абиотикалык жана тирүү системалардын жалпы жана жеке, тышкы жана ички, зарыл жана жетиштүү, генетикалык жана түзүмдүк шарттардын иштемдигинин анализинин терең жана кенен жүргүзүлүүсүнө түрткү берет.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги идеялары, жоболору, тыянактары жана жыйынтыктары философия жана философиянын тарыхы боюнча атайын курстарды түзүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор.**

Теориялык концепциялардын негизинде жүргүзүлгөн кондиционалдык методду изилдөөнүн философиялык-методологиялык анализи коргоого коюлуучу төмөндөгү жоболорду белгилөөгө мүмкүндүк берет:

1.Кондиционалдык ыкма М.Ферворн тарабынан бири-бирине дал келген кубулуштар катары материалдык менен психикалыктын психомонистикалык жактан окшоштурулууда мааниси ачык көрсөтүлгөн идеялар менен катар эле субъективдик идеалисттик багыты бар кондиционализмдин философиялык окуусунун негизинде түптөлгөн. Диалектикалык ыкма менен гегелдик философиялык көз караштын идеалисттик табияты менен төп келбегендей эле, кондиционалдык ыкма кондиционализмдин идеалисттик мүнөзүнө шайкеш келбейт. Кондиционалдык ыкма азыркы философия жана илимдин методологиясынын ыкмаларынын бири болуп эсептелет. Анын квинтэссенциясы болуп объективдүү дүйнөдөгү нерселердин, процесстердин жалпы шарттальшы жөнүндөгү ой болуп саналат. Кондиционалдык ыкманын көз карашы боюнча дүйнөдө башка тарабынан шартталбоочу кубулуш жок жана болушу мүмкүн эмес: баардык кубулуштар түздөн түз же башка кубулуштар аркылуу шартталат.

2. Метафизикалык ой жүргүзгөн окумуштуу үчүн «себеп» түшүнүгү илимий таанып билүүгө эч кандай маанини бербеген белги, шарттуу белгиге айланат.

Ошондуктан М.Ферворндун пикири боюнча, «казуалдык түшүнүктү кайра карап чыгып, эң мыктысын илимден айдоо керек» дегенди билдирет. Детерменизмди мындай механицизмдик түрдө түшүндүрүү патологдорду бир маанидеги себептүүлүктү гана танбастан, ошондой эле деги эле объективдүү себептүүлүктү да төгүндөөгө алып келди.

3. Илимдин бардык методдорунда өзүнүн спецификалык компоненттери бар. Ал эми кондиционалдык методдун спецификалык постулаты болуп бардык жалпы шарттуулук, шарт, себептүүлүк тууралындагы билим эсептелет.

Бул ар кандай реалдуулукту кыйла терең изилдөөгө, табият менен дүйнөнү таанып, коомдун көп түрдүүлүгүн андап-билүүгө, бириктирип, ошол эле мезгилде бири-биринен айырмалоочу жалпы менен жекени ачып берүүгө мүмкүнчүлүк берет.

4. Кондиционализмдин негиздөөчүсү табигый илимий процесстерде олуттуу орунга ээ болгон жөнөкөй эмес байланыштарды, көз



спецификасын конкреттештирүүнү жөнгө салат. Анын баары кондиционалдык метод жана философиянын, илимдин башка методдору тууралындагы биздин билимдерибизди байытпай койбойт.

4. Шарттын татаал, динамикалык өз ара байланышын жана коомдук процесстердин шарттуулугун, билимдердин көп деңгээлдүү социомаданий детерминациясын, позитивистик багыттагы заманбап батыш философиясынын бирден-бир активдүү талкууланучу маселелеринен болуп калган таанып процессинин натыйжалары, андан тышкары коомдун өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн, мыйзамдарынын детерминациясынын ар кыл формаларын талдоого алуу айныксыз түрдө окурманды кондиционалдык метод жана анын негизги компоненттери (шарттары, себептүүлүгү, шарттуулугу, шарттуулук принциби, шарттардын жана шарттуулуктун ар кыл түрлөрү, детерминациянын ар кыл формаларынан келип чыккан методологиялык талаптар ж.б.у.с.) чоң когнитивдик даражетке ээ. Ошондуктан кондиционалдык методду табияттын, коомдун жана таанып процессинин көрүнүштөрүн изилдөө үчүн когнитивдүү каражат катары колдонуу айныксыз түрдө обөективдүү дүйнөнүн белгисиз, аз изилденген процесстерин ачып берүүгө шарт түзөт.

5. Кондиционалдык метод маселеси чындыгында эле көп аспекттүү болуп эсептелет. Аталган эмгекте албетте, талдоого алынган методдун философия менен илимдин таанымынын башка ыкмаларынын спецификасын конкреттештирүү маселелери менен түздөн-түз байланышкан учурлар гана каралды. Андан тышкары, биздин эмгекте М.Ферворндун карама-каршы кондиционалдык окуусунан философиянын, илимдин бирден-бир өз алдынча элементи катары кондиционалдык метод тууралындагы илимий элестөөнүн калыптануусу мүмкүн болбогон реалдуу рационалдык данды бөлүп алуу милдети коюлган.

6. Философиялык илимдин өнүгүүсүнүн татаал жана карама-каршы процесси процессттердин, карым-катнаштардын, объективдүү дүйнөнүн системаларын камтып, глобалдуу көрүнүштөргө тараган түшүндүрмө мүмкүнчүлүктөрдү, жаңы парадигмаларды алып чыгуу менен эле эмес, теорияларга, концепцияларга караганда кондиционалдык метод көрүнүштөрдүн тар тартуусуна ээ болуп эсептелген жеке белгилерди, философиянын логикалык-методологиялык каражаттарын тактоо, иштеп чыгуу менен жүзөгө ашырылат. Ошондуктан, талдоого алынып жаткан методду анын пайдалануусунун чектерин так, адекваттуу сактоо менен пайдалануу абдан маанилүү. Кондиционалдык методдун табиятын адекваттуу пайдалануу анын ички дараметин ачып берүүнү камсыз кылат.

**Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөнкү**

факторлор алардын көз караштарында илимий таанымга карата ички болуп эсептелишет.

Алдыңкы окумуштуулар - когнитивистер менен социологистердин ортосундагы тааным процессинин социалдык детерминация маселесин талкуулоо планында орунга ээ болгон талаш-тартыштар акыркы чечимге ээ болгон эмес, анткени "күчтүү программанын" жолун жолдоочулар (Д.Блур, С.Борис) бардык билимде "социалдык компонентти таанууга жакындашкан мурунку арыздар менен чектелбестен" абдан чоң резонанска ээ болуп, когнитивистердин таң калуусуна туш болду. Бул жолкусунда "күчтүү программанын" жолун жолдоочулар арыз менен чыгышкан, анда социалдык факторлор илимий билимдин өнүгүүсүн детерминациялап, аны менен бирге когнитивдик, психологиялык, маданий ж.б.у.с. бир катар иш-аракеттеги дагы бир себеп эле болбостон, өз алдынчалуулук ролду ойнойт.

**Корутундуда** изилденип жаткан маселенин негизги ойломдору жана корутундулары келтирилди:

1. Кондиционалдык метод философиянын бирден-бир методдорунан болуп эсептелет. Анын негизги максаты шарт менен шарттулуунун өз ара көз карандылыгы тууралындагы көп структуралуу билимдерди, андан тышкары объективдүү дүйнөнүн башка заттары менен көрүнүштөрүн изилдөөгө болгон багыттуулугунда турат. Кондиционалдык методдун иш-аракетинин негизги "талаасы" таасын, конкреттүү белгилерге ээ. Бул кондиционалдык детерминацияны жана көрүнүштөрдүн жалпы шарттуулугун конкреттүү көрүнүштөрүн билдирген ар кыл билимдер.

2. Кондиционалдык метод көп компоненттүү бүтүндүк болуп эсептелет, алардын ар бири салыштырмалуу өз алдынчалыка ээ. Жеке элементтин кайталангыс өзгөчөлүктөрүн ачып берүү менен ар бир компоненттин өзгөчөлүктөрүн изилдөө алардын урулук башталышынын табиятын – көрүнүштөрдүн жалпы шарттуулук тууралындагы билимдерди терең түшүнүү үчүн маанилүү маалыматтарды киргизет.

3. Кондиционалдык детерминацияны изилдөө анын тигил же бул формасынын (себептик, функционалдык, системалык, ыктыярдуулук, зарылдык, кокустук жб.у.с.) билиминде негизделген кондиционалдык методду талдоого – философиянын башка методдору менен болгон карым-катнаштарын изилдөөдө жаңы маанилүү багытты ачып берет. Бир жагынан мындай изилдөөлөр детерминациянын кээ бир формаларын терең талдоого алууну эле жөнгө салбастан, маселелери заманбап илимдин өнүгүүсүнүн бирден-бир магистралдык багыттарынан болуп эсептелген детерминизм тууралындагы биздин элестөөбүздү да байытат. Экинчи жагынан, детерминациянын ар кыл формаларын олуттуу түрдө изилдөө дегеле детерминация системасындагы координациялык детерминациянын



карандылыктарды изилдөө үчүн кондиционалдык методдун зарылчылыгын түшүндүрүүгө алгачкылардан болуп аракет кылуу менен ошол мезгилде алардагы анализделүүчү методдун маанилүү учурлары, анын философия менен илимдин башка методдорунан болгон айырмачылыгы, андан тышкары таанымдык функциялары ырааттуу ачылып берилген эмес.

5. Көрүнүштөрдүн детерминациялык көз карандылыктарынын билиминде негизделген методдордун катарына, албетте себептик метод таандык, анын кондиционалдык метод менен болгон байланышы алардын бири-бири менен негизсиз жакындаштырылышы үчүн шылтоо болуп эсептелген кыйла көп түрдүү, чаташкан мүнөздү алып жүрөт. Чындыгында эле себептик жана кондиционалдык методдор бири-биринен сапаттуу түрдө айырмаланышат.

6. Когнитивистер эле эмес, «социологистердин», андан тышкары «күчтүү программанын» өкүлдөрүнүн ыкмалары мыйзам ченемдүү келип, албетте, аларда эске алуусу илимий таанымдын жана социомаданий фактылардын конкреттештирилбеген аспектилерин андан ары такоо үчүн зарыл болгон бир нече конструктивдик учурлар камтылган.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертанттын жеке салымы кондиционалдык метод маселелерин, анын концептуалдык компоненттерин жана таанымдагы ролун логикалык-методологиялык изилдөөлөрүнүн негизинде алынган диссертациянын негизги корутундулары жана жоболору менен аныкталат.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору менен корутундулары Ош мамлекеттик университетинин студенттери үчүн лекциянын материалдарында чагылдырылып, эл аралык жана регионалдык илимий конференцияларда докладдар жана макалалар түрүндө берилди.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын натыйжалары менен теоретикалык жоболору 8 илимий басылмаларда, анын ичинде 1 макала "Казахстандын жогорку мектеби" жана 2 макала "Интерактивдик илим" (Россия) журналдарында жарык көрдү. Диссертация Диссертация КР Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институнуну философиянын тарыхы, социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмдөрүнүн кеңейтилген жыйынында талууга алынып коргоого сунушталган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, алты параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү - 166 бет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын актуалдуулугу, иштин максаты менен милдеттери, предмети менен объектиси аныкталып, методологиялык негизи жана илимий жаңылыгы аныкталды, коргоого сунушталган негизги жоболор, диссертациянын теоретикалык жана практикалык мааниси, ар кыл формалардагы алынган натыйжалардын апробацияланышы көрсөтүлдү.

**«Кондиционалдык методдун маңызы, концептуалдуу компоненттери жана детерминация билимине негизделген философиянын башка методдорунан болгон айырмачылыгы»** аттуу үч параграфтан турган диссертациянын биринчи бапында кондиционалдык методдун маңызы, фундаменталдуу компоненттери, философиянын башка методдорунан болгон айырмачылыктары, андан тышкары М.Ферворн тарабынан каралган методдун табиятына болгон анча адекваттуу эмес түшүндүрүлүшү анализге алынат.

Биринчи баптын **«Кондиционалдык методдун маңызы жана анын табиятына карата М.Ферворндун адекваттуу эмес экспликациясынын сыны»** аттуу биринчи параграфында кондиционалдык методдун спецификалык өзгөчөлүктөрү, анын система түзүүчүлүк негизи - жалпы шарттуулук тууралындагы билимдер, андан тышкары философия эле эмес, бардык табигый билимдер үчүн да жеке позитивдүү окуу жана метод ролуна кызгануу менен атаандаштык кылган кондиционализмдин идеялык каражаттары талдоого алынат.

Кондиционализм (латынчадан condicio - шарт) XIX к. соңунда жана XX к. башында пайда болгон бирден-бир философиялык багыттардан экендиги баса белгиленет. Анын негизги логикалык постулаттары Иен жана Геттинген университеттеринин физиологу, немец Макс Ферворн жана немец паталоанатому Ханземан тарабынан калыптанган. Аталган эки табият илимдеринин өкүлдөрү тең кондиционализмди медицинанын эле эмес, XX кылымда физиканы, бактериологияны, иммунологияны, медицинаны жана башка илимдерди камтыган методологиялык кыйынчылыктарды башынан өткөргөн бардык табигый билимдердин да методологиялык каражаты катары эсептешкен.

Андан тышкары, алар кондицоналимзди материализм менен идеализмдин айырмачылыгы алынып салынган жаңы үлгүдөгү дүйнө көз караш катары карашкан. Кондиционализм баарынан мурда механикалык детерминизмдин бирден-бир көрүнүшү болуп, көптөгөн табигый илимдердин өкүлдөрү тарабынан табияттын көрүнүштөрүн изилдөөдөгү методологиялык багыт катары пайдаланган монокаузализмдин сынынын өңүтүндө пайда болуп, өзүнүн жактоочуларына ээ болгон.



негизделүүсү, эски теориядан жаңы теорияга өтүүсү, илимий революциялар маселеси) да каралат.

Е.А.Мамчурдун пикиринде, заманбап постпозитивистик илим философиясында илимдин өнүгүүсүнүн социомаданий детерминация, илимий билимдин калыптануу, илимий таанымдын тышкы эле эмес, ички процесстерин да теоретикалык түшүндүрүү маселелерине карата эки ыкма бар, анда социалдык факторлор илимий көз караштардын пайда болуусу менен өнүгүүсүнө детерминациялык таасирин тийгизишет. Ошондуктан социалдык факторлор илимдин архитектурасынын теоретикалык реконструкциялануу процессинде эске алынышы абзел. Илимдин социомаданий детерминациялануу идеясы Т.Кундун, М.Малкенин, С.Тулминдин, М.Помянинин, П.Фейерабенддин жана Д.Боменин эмгектеринде кездешет. Алар илимий билимдин социомаданий факторлордон болгон ички өзгөрүүлөрүнүн көз карандылыгын четке кагышат.

Ал эми экинчи ыкма болсо XX кылымдын соңунда Д.Блур, С.Бернс ж.б. башында турган Эдинбург университетинин илимий таанымынын тарыхчылары менен социологдор тобунун арасында пайда болгон илим социологиясынын «күчтүү» программасынын жолун жолдоочулар тарабынан колдоого алынат.

«Күчтүү программанын» жолун жолдоочулардын негизги идеясы алардын пикиринде, илимдин социологиясы илимди тышкы ыкма болуп эсептелген социалдык институт катары талдоого алуу эмес, баарынан мурда илимий таанымдын маңызын, ички компоненттерин изилдөөгө милдеткер болгон. Демек, «күчтүү программанын» жолун жолдоочулар илим социологиясы тааным процессинин тышкы көрүнүштөрүн эмес, анын өзүнүн технологиясын изилдөө менен алектенүүгө өнөктөштүк кылат.

Экинчи ыкманын жолун жолдоочулар илим социомаданий чөйрөнүн бардык факторлоруна эмес, болгону тааным процессинин өзүнүн ар кыл учурларын түздөн-түз шартталган таанымдык факторлорго гана детерминациялык таасирин тийгизерине ишенишкен.

Илимдин өнүгүү, илимий таанымдын калыптануу маселелерине болгон когнитивдик ыкма идеясы К.Поппер, И.Лакатос, Дж.Агасси, Е.Хаар, Л.Ладан, М.Хесси ж.б.у.с. изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде кеңири чагылдырылган. Илимдин өнүгүү процессин талдоого алуудагы когнитивдик көз караштарда турган окумуштуулардын пикиринде, илимге өзгөрүү менен өнүгүүнүн ички мыйзамдары таандык, ал эми социмаданий факторлор тууралында айта турган болсок, анда алар илимий теориялардын калыптануусу менен өнүгүүсүнүн ички технологияларына таасирин тийгизбейт жана тийгизе албайт, анткени социомаданий

– жашоо-турмуш, адамдардын саны, аба-ырайынын кежирлигине, адамзат коомунун ички душмандарына ж.б.у.с. карама-каршы туруу көз каранды. Ошентип, өндүрүш күчтөрү жана карым-катнаштары коомдун пайда болуусунун түздөн-түз ички шарттарына таандык болот. Өндүрүш ыкмаларынын детерминациялык таасирлери коом жашап турганда абсолюттуу түрдөгү зарылдык болуп эсептелет. Өндүрүш күчтөрүнө караганда коомдун анча олуттуу эмес шарттарына өндүрүш карым-катнаштары таандык болот, алардан коомдун, социалдык субъект катары адамдын өзүнүн пайда болуусу көз каранды. Өндүрүштүк карым-катнаштар өндүрүштүк күчтөрдөн айырмаланып жаратуучулук табиятка ээ болбойт, акыркылары негизинен өндүрүш күчтөрү тарабынан түзүлгөндөрдү жүзөгө ашырат. Албетте, бул өндүрүштүк карым-катнаштар пассивдүү абалында кала беришет дегенди түшүндүрбөйт. Жок, өндүрүштүк каражаттар өндүрүштүк күчтөрдөн көз каранды болгону менен алар өзүнүн карама-каршы тарабына олуттуу таасирин тийгизгенге жөндөмдүү келишет. Ар кыл формаларда жана комбинацияларда көрүнүүчү өндүрүштүк карым-катнаштардын активдүүлүгүнө бир аз токтолобуз. Баарынан мурда өндүрүштүк карым-катнаштар өндүрүш күчтөрүнүн жогорулоосуна кубаттуу түрткү берген өндүрүш күчтөрүнүн өнүгүүсүнүн локомотиви боло алат. Мисалы, андай нерсе, заводдорду, фабрикаларды, жерди элдик бийлик республикаларынын тажрыйбасында байкалган. Өндүрүштүк карым-катнаштардын маанилүү элементи болуп эсептелген жекеликтин формаларын өзгөртүү өндүрүш күчтөрү менен өндүрүштүн эффективдүүлүгүнүн жогорулоосуна олуттуу таасирин тийгизүүгө жөндөмдүү. Өндүрүш күчтөрүнө болгон мындай таасирди мамлекеттик менчикти жеке компанияларга, фирмаларга өткөрүп берүү тийгизе алат. Мындай көрүнүш абдан сейрек болуп турган. Мисалы, 20-кылымдын 80-жылдары М.Теттчер премьер-министр болгон Улуубританияда кыска убакыт аралыгында шахтылардын чыгымдарын кыскартып, иштөө эффективдүүлүгүн көтөрө алган жеке компанияларга берилген. Өндүрүш каражаттарына болгон менчиктиин формаларын өзгөртүү өндүрүш күчтөрүнүн ыргагы менен сапатына, алардын эффективдүүлүгүнө радикалдуу таасирин тийгизе алат деген корутундуну чыгарсак болот.

Экинчи баптын **«Таанып процессинин детерминацияланышы, билимдердин калыптануусу жана илимдин социомаданий факторлор менен өнүгүүсү»** аттуу үчүнчү параграфында илимий таанымдын заманбап методологиясында аталган институттун (уюм, башкаруу, илимий лабораториялардын зарыл каражаттар менен жабдылуусу, илимий изилдөөлөрдүн программалары ж.б.у.с.) тышкы аспектилери эле эмес, ички процесстери (жаңы билимдин формулировкасы, теориянын



Кондиционалдык методдун эң баштапкы методу болуп жалпы байланыштар, заттардын шартталуусу, кондиционалдык методдун мазмунуна кирген обөективдүү дүйнөнүн процесстери тууралындагы билим эсептелет. Жалпы байланыш жана шарттуулук тууралындагы билим кондиционалдык методдун иш-аракетин, шарттуулук маселесин изилдөөнү уюштурууну жөнгө салган жалпы шарттуулук тууралындагы талаптын мазмунун да түзөт.

Ошентип, кондиционалдык метод өзүнүн когнитивдик же тажрыйбалык чечиминде заттардын, процесстердин жалпы шарттуулугу идеясына таянуусу үчүн субъекттин таанымдык иш-аракетин багыттап, жөнгө салат. Изилденип жаткан метод максималдуу формада ич ара шартталбаган предметтердин пайда болуусун четке кагат. Бардык жалпы байланыш жана шарттуулук аркылуу аталган метод менен бүткүл дүйнө каралат. Изилденип жаткан методдун негизги методологиялык императивдеринин көз карашында абсолюттуу байланышпаган жана шартталбаган кандайдыр-бир заттардын, процесстердин пайда болуу ыктымалдуулугу тууралында кеп болгон ой жүгүртүү логикалык негизге ээ эмес.

Талдоого алынып жаткан башка маанилүү компоненттин катары шарттардын көп жактуулугу тууралындагы билимди таандык кылууга болот. Аталган компонент менен заттардын реалдуу абалын чагылдыруучу кондиционалдык методдун бирден-бир спецификалык белгиси менен байланышкандыгын айта кетүү зарыл. Бул жерде биз бардык эле зат же көрүнүш чындыгында бир табигый шарт менен эмес, көптөгөн шарттар менен шартталып, алардын кээ бирлери көпчүлүк учурларда изилдөөчүнүн көңүл борборунан оолактап, белгиленбеген субъекттерден болуп калат. Мындай шарттарда өткөн шарттарды структурасында анын шарттары тууралында алардын так эмес контуралары калган предметтин шарттары жөнүндөгү толук кандуу элестөөгө ээ болуу үчүн арткы сан менен изилдөө зарылчылыгы пайда болот.

Дагы бир себеби, кондиционализм шарттардын көп жактуулугу тууралындагы жобого өзгөчө камкордук жасап, биздин пикирибизде, М.Ферворндун кондиционализмди бир гана фактордун, көпчүлүк учурларда тышкы фактордун натыйжасын жаратуу процессин шарттоочу детерминанттардын саны менен масштабын жаңылыштык менен чектеген себептүүлүктүн механикалык ыкмасына карама-каршы коюу аракети эсептелет.

Кондиционалдык методдун кийинки өзгөчөлүгү таанымдын каралып жаткан ыкмасы детерминациянын формаларынын бирөөсүнө, тагыраак айтканда шарттуулугуна негизделгендиги менен байланыштуу.

Кондиционалдык методдун негизи катары детерминация тууралуу билим кызмат кылып, ал ошону менен таанымдын детерминациялык ыкмаларынын тобуна кирет. Талдоого алынып жаткан метод, мисалы анализ жана синтез, детерминациялык топтун башка методдорунан да таптакыр айырмаланып турат. Биз жогоруда айткандай, кондиционалдык метод үчүн системалык түзүүчү билим катары заттардын, болмуштун процесстеринин бүткүл жалпы шарттуулугу тууралуу билим кызмат кылат.

Андан ары изилденип жаткан методдун маанилүү элементи болуп "шарттуулук" түшүнүгү эсептелет. Аталган түшүнүк шарт менен шарттуулуктун карым-катнашын билдирет. Өзүнүн табияты боюнча шарттуулук өзүнө көз карандылыктын конкреттүү формасын камтып турат, аталган кырдаалда шарттуулуктун шарттан болгон көз карандылыгы тууралуу кеп болот. Шарттуулук детерминациянын конкреттүү формасын билдирет.

Шарттуулуктун шарттан болгон көз карандылыгы детерминациянын башка формаларынан олуттуу түрдө айырмаланып турарын моюнга алуу зарыл. Жогоруда белгилегендей, шарттуулуктун аталган спецификасы шарт менен шарттуулуктун зарыл карым-катнашы болуп эсептелип, кондиционалдык методдун сапаттуу оригиналдуулугу менен байланышкан. Кондиционалдык методдун негиздөөчүсү окурмандарды ал (кондиционалдык метод) анын пикири боюнча узак мезгилдер бою жетиштүү деңгээлде чечилбей калган табигый илимдердин, философиянын топтолгон татаал маселелерин чечүүгө багытталган.

М.Ферворн Мах сыяктуу эле материалдык жана психикалык процесстердин ортосундагы чекти алып салып, ошону менен бирге психикалык процесстердин материясынан көз каранды болгон көрүнүштүн (материяны) психикалык процесстеринин экинчилигинен көз карандысыз пайда болгон жана биринчини обеективдүү окшоштурууда "таза тажрыйба" сыяктуу субъективдик-идеалистик ыкманы колдонот. Негиздөөчү "таза тажрыйбанын" материалдык жана психикалык элементтеринин кондиционалдык дүйнө көз карашын дал келиштирүү маңызы боюнча материалистик жана субъективдик-идеалистик дүйнө көз караштардын, материя менен аң-сезимдин ортосундагы чекти алып салууга багытталган.

Демек, "таза тажрыйба" М.Ферворн тарабынан дүйнөдө реалдуу түрдө жашаган материалдык элементтердин психикалык элементтерден болгон олуттуу айырмачылыгын эскербеш үчүн ойлоп табылган.

Биринчи баптын **"Кондиционалдык методдун концептуалдуу компоненттери"** аттуу экинчи параграфында адегенде бүткүл жалпы шарттуулук тууралуу бардык компоненттер үчүн уруулук билимдин



Ошондуктан климаттык көрсөтмөлөрдү башкаруу технологиясына ээ болууга үлгүргөн мамлекеттер адамзаттын алдындагы чоң жоопкерчиликти андап билип, адамзаттын жашоо-турмушуна жогорудагыларды пайдаланбоосу зарыл. Жогоруда аталган маалыматтар бизге коом көптөгөн шарттар менен детерминацияланат деген пикирди айтууга негиз берет. Коомдун жашоосунун табияттык шарттары анын функциялануусунун бирден-бир маанилүү, баштапкы, туруктуу факторлору болуп эсептелет. Коом өзүнүн өнүгүүсүндүн жогорку деңгээлине жеткен эмес, бирок ага дайыма туруктуу ден-соолугу чың табияттык шарттар зарыл болот. Ден-соолугу чың табият шарттарынын жоктугу өзүнүн бардык этабында кыйроого дуушар болот. Бул жерде коом үчүн табияттык шарттардын кайталангыстыгы келип чыгат, же алар башка шарттардан айырмаланып коомдун системалык түзүүчү шарттарына таандык болот. Коомдун пайда болуусунун табияттык шарттары өзүнө ар кыл геологиялык, биосфералык жана ноосфералык процесстерден турган бир жактуу эмес процесстерди камтып турат. Азыркы мезгилде адамдын жогоруда аталган бардык шарттары олутуу бир деңгээлде адамдардын иш-аракеттеринен көз каранды, анткени биздин планетадагы жана анын айланасындагы көптөгөн процесстер адамдын пландары жана иш-аракеттери менен детерминацияланган. Жер шарынын мейкиндиктерин өздөштүргөн көптөгөн түрлөрүнөн айырмаланып, «адам бардык планетаны ээледи…Ал илимий ойлом жана эмгек менен биосфераны өзгөртүп, аны өзүнө жайгаштырды жана өзү биохимиялык энергияга таандык болгон көбөйүү шарттарын түздү.

«Мындай жайгаштыруу 20-кылымдын башында айкын болгон» -деп жазат В.И.Вернадский. Коомдун функциялануу шарттарынын кийинки блогу ар кыл материалдык факторлордун болуусу менен шарттalan. Аларга баарынан мурда, коомдун өнүгүү деңгээлин түшүнүүгө болгон ачкыч катары эсептелген өндүрүш ыкмасы таандык. Эгерде «Сен досуңду айт, сенин ким экениңди айтайын» деген макалады айта турган болсок, анда коом тууралуу анын өндүрүш ыкмасынын мүнөзүнүн билимдеринин негизинде катасы жок баа берүүгө болот. Өндүрүш ыкмасы коомдун өнүгүүсүнүн кандайдыр-бир «визиттик карточкасы, анткени ал коомдун абалына күчтүүдетерминациялык таасир тийгизүүгө жөндөмдүү келген өндүрүш күчтөрү жана карым-катнаштары сыяктуу коомдун турмуштук маанилүү компоненттеринен турат. Өндүрүш ыкмаларынын элементтеринин ичинен коомго жана адамдардын жакшы абалына эмгек куралы таасир тийгизүүгө жөндөмдүү. Коомдун пайда болуусунун баштапкы этабында адам, анын пайда болуусу жашоонун чегинде туруп, адамдарды өлүмдөн эмгек куралдары куткарышкан. Алардын кубаттуулугунан, өркүндөшүнөн, өндүрүмдүүлүгүнөн баардыгы

менен сүңгүп кирип, түрдүү чынжыр жана детерминациялык карым-катнаштардын түйүнү менен байланышкан.

Материалдык чөйрөдө адамдар өз ара жана табият менен ар кыл карым-катнаштарда болушат. Коом менен табият - бул татаал көз карандылык менен өз ара карым-катнаштардын субъектиси. Коом өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтүүгө, табиятты толугу менен өзүнүн кызыкчылыктарына баш ийдирип алууга аракет кылат. Бирок бул адамзат иш-аракеттеринин туура эмес багыты эле эмес, коомдун жоголуп кетүүсүнө алып келүүчү коркунуч да болуп эсептелет. Табият коомдон көз каранды эмес, бул адамдын жүзөгө ашырылбай турган кыялы. Табияттын детерминацияланган таасири коомдун шарттaлуусунда материалдык ресурстар менен эле чектелбейт. Коом менен табияттын өз ара байланышы заманбап дүйнөдө тең салмактуулуктан алыс, же болбосо коом келечектеги натыйжаларга карабастан табияттан көп ресурстарды алып, кээ бир учурларда табият чөйрөсүнө орду толгус зыянды келтирүүгө аракет кылат. Коом менен табияттын өз ара карым-катнаштарынын заманбап абалын тең салмактуу деп айтууга болбойт, ал аталган эки фактордун табигый детерминациясынын бүтүндүгүн бузуучу бир тараптуу, талап-тоноочулук болуп эсептелет. гармониялык өз ара байланышты, көз карандылыкты бузууда негизги жоопкерчиликти, албетте коом өз мойнуна алат.

Албетте, заманбап адам табият ресурстарын сактоого аракет кылбайт, жер кыртышынын, токой системасынын, атмосфераны, суу ресурстарын, жердин өсүмдүк кыртышын ж.б. «реаблитациялоо» иши менен алектенбейт деп айтууга болбойт. Жок, заманбап адам, коом үчүн ден-соолуктун, жыргалчылыктын жана гүлдөп-өсүүнүн булагы боло бербеген, табиятты коргоодогу көптөгөн демилгелерди көрсөтө бербейт. Бирок табияттык чөйрөнүн бардык дараметтерин сактоого жана көбөйтүүгө багытталган адамдын иш-аракеттери азырынча эффективдүүлүкө ээ эмес.

Жандуу заттардын табияты, алардын ичинде адам үчүн чоң коркунучтуу массалык кыйратуунун ар кыл куралдары кооптуулук жаратат. Акыркы жылдары адамзат кээ бир мамлекеттердин аба-ырайына глобалдуу таасирин тийгизип, атмосферанын кээ бир бөлүктөрүнүн табигый ыргагын бузуп, эреже катары, жердин белгилүү бир регионунун жандуу заттарын жана жер кыртышы жапа чеккен, катуу суу каптоолор, көчкүлөр, кургакчылык ж.б. айтсак болот. Атаандаштык жараткан мамлекеттердин жашоо ишмердүүлүк үчүн жагымсыз аба-ырайынын шарттарын түзүүгө багытталган климаттык көрсөтмөлөрдү пайдалануу биздин планетанын метереологиялык зонтунун мыйзам ченемдүүлүктөрүнө орду толгус зыянды алып келет. Окумуштуулардын пикиринде, жер климатына болгон мындай коркунуч бизде бар.



маңызы, андан кийин шарттын, шарттуулуктун жана себептүүлүктүн карым-катнашы каралат.

Каралып жаткан методдун бардык компоненттери үчүн жалпы негиз болуп объективдүү дүйнөнүн көрүнүштөрүнүн жалпы шарттуулугу тууралуусындагы билим эсептелет. Качан биз бардык заттар, болмуштун процесстери алыстатылган абалда эмес, өз ара байланышта жана шарттуулукта пайда болсо, анда алардын өз ара байланышынын, шарттуулугунун негизи катары аныктуулукту жана көрүнүштөрдүн көз карандылыгын аныкташкан ар кыл шарттардын болуусу кызмат кылат. Биринчисинин жардамы менен пайда болгон аталган кырдаалдагы шарт субъект, ал эми өз ара байланыш, көрүнүштүн шарттуулугу предикаттар катары кызмат кылышат.

Кондиционалдык методдун концептуалдуу методдорунун ичинен баштапкы ролду, системалык түзүүчүлүк приоритетти талдоого алынып жаткан методдун башка элементтерине салыштырмалуу эң байыркы тарыхы бар «шарт» түшүнүгү ойноору айныксыз, же болбосо ал биздин пикирибизде, кул ээлөөчүлүк коомдун ойчулдары эле эмес, алгачкы коомдун адамдары тарабынан да колдонулган, алар үчүн бир шарттардан бир көрүнүш (мисалы, күндүн нурунан нымдуулуктан чөптөр өсүп чыгат ж.б.у.с.), ал эми башкасынан – башка көрүнүш көз каранды болоорун түшүнүү жаңылык болгон эмес. Чындыгында эле "шарт" түшүнүгү курчап турган дүйнөнү алгачкы адам тарабынан логикалык өздөштүрүүнүн бирден-бир байыркы элементтеринен болуп эсептелет. Шарт, кондиционалдык методдун логикалык структурасына кирет, бирок ал аталган методдон кыйла байыркы болуп эсептелет. Шарт азыр да ар кандай кондиционалдык идеялардын өзгөчө бир пайдубалы катары каралат. Кондиционалдык методдун бардык методдору өзүлөрүнүн пайда болуусунда шартка милдеткер болуп, заттардын, процесстердин кондиционалдык карым-катнаштарынын чагылдырылуусу менен байланышкан бардык идеялардын кандайдыр-бир өзгөчө "үч бурчтуу таш" болуп эсептелет.

Биринчи баптын "Кондиционалдык методдун детерминациянын билимдерине негизделген философиянын башка методдорунан айырмачылыгы" аттуу үчүнчү параграфында детерминациялык көз карандылыктардын билимдерине суусап турган кондиционалдык методдун детерминизм, себептүүлүк жана функционалдык көз карандылык методдорунан болгон айырмачылыгы жана жалпылыгы изилденет.

Кондиционалдык методдун детерминизм методу менен болгон карым-катнашынын анализи теоретикалык изилдөө үчүн олуттуу мааниге ээ. анткени акыркы жылдары "...заманбап илим менен коомдук

тажрыйбанын бардык негизги тармактары детерминизмди эң курч жана актуалдуу маселелердин катарына алып чыгышкан. Аталган маселеге карата философтордун да кызыгуусунун тарабай келиши таң калыштуу эмес... Анын үстүнө аталган тармактагы көптөгөн маанилүү маселелер боюнча жеке пикир калыптана элек.

Чындыгында эле детерминизм жана детерминация маселелери окумуштуу физиктер, биологдор эле эмес, экономистер, физиологдор, медиктер, социологдор тарабынан да интенсивдүү иштелип чыгууда. Мисалы, кондиционалдык метод экономика маселелерин изилдөөдө, суроо-талап жана сунуш факторлорунун көз карандылыгын тастыктоодо кеңири колдонулат.

Биз шарт менен шарттуунун карым-катнаштарын белгилегенде - шарттуулук өзү нө детерминациянын конкреттүү формасын камтып турат. Бизди курчап турган реалдуулуктун таанымындагы детерминациянын формаларынын ар биринин ролун изилдөө мааниси заманбап илим методологиясында жогорулоочу структуралык ыкмага таандык кылабыз.

Аталган маселе боюнча Н.Ф.Овчинников төмөнкү чө жазган: "Табият көрүнүштөрүнүн бардык түшүндүрүлүшү кандай гана болбосун себептик мү нөзгө ээ экендиги тууралсындагы көз караш болуп келген, азыр да бар. Заманбап табигый билимдердин методологиялык анализи, табият көрүнүштөрүнүн бардык түшүндүрүлүшү структуралык мүнөзгө ээ деген жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет. Аталган акыркы көз караш менен табигый билимдеги себептик түшүндүрүүнүн ролу четке кагылбайт, бирок структуралык түшүндүрүүдөгү анын баш ийген ролу баса белгиленет".

Биздин пикирибизде, илим методологиясына карата структуралык ыкманы пайдалануу келечектүү болуп, заманбап илим абдан муктаж болуп жаткан методология менен таанымдын логикасынын аз изилденген учурланын тактоо планында белгилүү бир позитивдүү натыйжаларга алып келет.

Демек, кондиционалдык жана детерминизм методдорунун ортосунда окшоштук эле эмес, аларды бири-биринен айырмалап турууучу учурлар бар. Детерминизм методу кондиционалдык методдон айырмаланып таасир берүүнүн кеңири диапазонуна ээ болуп, көптөгөн көрүнүштөрдү камтыйт. Ошол себептен детерминизм методу биз карап жаткан методго караганда кыйла универсалдуу болуп эсептелет.

Демек, кондиционалдык методдун негизги айырмачылык белгилери детерминзм методунан айырмаланып төмөнкү жоболор менен берилет: 1. Детерминизм методу шарттуулука караганда жалпы табиятка ээ болгон детерминация идеясына негизделген; 2. Детерминизм идеясы жалпы табиятка ээ болуп, детерминантты негиздейт, ал эми шарт



түп-орду менен өзгөртүүгө жетишип, бир эле мезгилде эмгек куралдары, предметтери, техника жана илим сыяктуу өндүрүш ыкмаларынын классикалык компоненттери менен болгон өз ара карым-катнаштарынын шарттарын өзгөрттү. Заманбап илим коомдун бардык чөйрөлөрүнүн көз карандылык мыйзамынын ички абалын өндүрүш ыкмасынын өнүгүү деңгээлине жараша өзгөрттү. Илим адамзаттын пайда болуусунун бардык мүмкүн болгон чөйрөлөрүнүн таанылган мыйзам чыгаруучусу болуп калды. Коомдогу мистикалык идеялардын таасири акырына чейин жасалбаганы менен, ошол эле мезгилде күн сайын адамдардын илимий таанымдын нукуралыгына, куткаруучулук миссиясына болгон ишеним жогорулап, бекемделүүдө. Заманбап адам негизинен өзүнүн келечегин, иштеги, жашоо-турмуштагы ийгиликтерин эмгектин илимий уюштурулушу жана жашоо образы менен байланыштырат.

Өндүрүш ыкмаларынын каралып жаткан тараптарынын өз ара карым-катнаштары динамикалуулугу менен мүнөздөлөт, бир тараптын экинчисинин үстүнөн болгон артыкчылыгы салыштырмалуу болот. Өндүрүштүк карым-катнаштар чындыгында эле өндүрүш күчтөрүнүн өнүгүү ыргагынын деңгээлинен көз каранды болуп, ошол эле мезгилде (өндүрүштүк карым-катнаштар) акыркы тездетүүчү же жайлатуучу таасир бере алат. Эгерде өндүрүштүк карым-катнаштарды шартталган көз каранды көрүнүш, ал эми өндүрүш күчтөрүн шартталууга белгилүү бир таасирин тийгизүүчү шарт катары карай турган болсок, анда биз бирөөнүн экинчисинен болгон көз карандылыгын таануубуз керек, бирок ар бир тараптын өз ара көз карандылыгын эле эмес, алардын да көз карандылыгын айтууга болот.

Экинчи баптын **"Коомдун мыйзамдарынын анын материалдык жана руханий шарттары менен детерминацияланууу спецификасы "** аттуу экинчи параграфында коомдо көптөгөн шарттар (жалпы, конкреттүү, тышкы, ички, зарыл, кокустук, генетикалык, структуралык жана жетишээрлик) бар экендиги баса белгиленет. Бирок бизге коомдун мыйзамдарынын функцияланыуусун көпчүлүк жагынан анын функцияланыуусунун "аба-ырайын", каралып жаткан системанын мыйзамдарынын көрүнүшүн аныктап, мыйзамдардын иш-аракеттерине өзүлөрүнүн оңдоп-түзөтүүлөрүн киргизүүгө жөндөмдүү материалдык жана руханий шарттардан көз карандылыкта кароо белгилүү бир кызыгууну жаратат.

Коомдо анын мыйзамдары биринчи кезекте шарттардын материалдык жана руханий эки шарты менен аныкталышат. Шарттардын эки түрү тең ортосунда байланыш менен көз карандылык бар көп сандаган структуралардан турат. Алдыга озуу менен жалпы коом жана анын кээ бир компоненттери карым-катнаштардын, таасирлердин көп сандаган жиби

ишмердүүлүгүнүн ролу, андан тышкары анын уюштуруучулук кредосу улам жогорулап, эмгек куралдарын үзгүлтүксүз өркүндөтүү уланган, кол эмгеги дээрлик өзүнүн ордун ар кыл жогорку өндүрүштүк техникалык системаларга, анын ичинде роботтук системага бошотуп берген, өндүрүштүн кээ бир тармактарында жумушчулардын саны кескин кыскарган. Ошентип, акырындык менен өндүрүштө иштеген адамдардын саны кыскара берген. Ошону менен бирге адамзаттык түздөн-түз конкреттүү эмгектин үлүшү эле эмес, баарынан мурда технологиялык процесстерден көз каранды болгон заманбап өндүрүштөгү адамдын ролу да төмөндөгөн. Демек, азыркы мезгилде өнүккөн өлкөлөрдүн өндүрүш ыкмаларынын системасында түп-орду менен болгон өзгөрүүлөр, өндүрүш ыкмаларынын элементтерин кайра коюу ж.б.у.с. болууда. Өндүрүштөгү адам ролунун бардык өзгөрүүлөрү , техникалык системалардын интенсивдүү, үзгүлтүксүз өркүндөөсү, илимди жалпы заманбап өндүрүштүн түздөн-түз өндүрүштүк күчкө айландыруу акыр аягында коомдук өнүгүүнүн башка бардык чөйрөлөрүнө карата өндүрүш ыкмаларынын аныктоочу ролу туурасындагы жалпы социологиялык мыйзамдын функциялануусунун жаңы ички шарттарын калыптандырып, анын функциялануусу менен көрүнүшүнө белгилүү бир таасирин тийгизет.

Өндүрүш чөйрөсүндөгү заманбап адамдын жаңы ролун биз түздөн-түз эмес катары атайбыз. Эгерде 18-19-кк. ал тургай 20 кылымдын биринчи жарымында адам продукцияны өндүрүүдө түздөн-түз катышып, башкарып, бир сөз менен айтканда өндүрүш чөйрөсүндө түз катышкан болсо, анда заманбап автоматтык сызыктарда, конвейерлерде, адамзат ресурстарынын ошол мурунку ажиотаждагы өндүрүштүн түнт системаларында дээрлик байкалбайт. Бир караганда заманбап өндүрүш адамдын катышуусуз өтпөйт, ал үчүн таза убаракерчилик. Мындай корутунду кыйла өз убагынан эртерээктик кылат, өндүрүштү адамсыз элестетүү азырынча эртелик кылат. Калыбы мындай көз караш, адамдын жүзөгө ашырылбаган кыяла бойдон кала берет.

Өндүрүштөгү адамдын ролунун өткөн өзгөрүүсү адамзаттын өндүрүштөгү материалдык жыргалчылыктарынын маңызына, мазмунуна эмес, формаларына тийиштүү болгон. Заманбап адам материалдык жыргалчылыктарды өндүрүүдө негизинен түз эмес, кыйыр түрүндө катышат. Адам өзүнү көз карандысыз эркин компьютердик программа, робототехника менен башкарылган техникалык башкарылуучу системалардын, сызыктардын аткаруучусу кылып жасады.

Демек, өндүрүш ыкма системасындагы адамдын заманбап ролу адамзаттын өнүгүүсүнүн мурунку кылымдарында таандык болгон ролунан айырмаланып турат. Адам өндүрүш ыкма системасында өзүнүн ролун



детерминанттын колунан келгенди билдире албайт; 3. Шарттуулук детерминациянын конкреттүү формасын билдирет. Ошондуктан ал таасир берүүнүн жалпы масштабына ээ болбойт; 4. Детерминизм методу көрүнүштөрдүн зарыл, мыйзам ченемдүү көз карандылыгын түздөн-түз чагылдырат; 5. Шарт менен шарттуулук жана алардын карым-катнаштарын билдирбейт.

Функционалдык детерминация детерминациянын биз белгилеген түрлөрүнөн - шарттуулуктан, себептүүлүктөн таптакыр айырмаланып турат. Эгерде шарттуулуктун карым-катнаштарынын алкагында шарт, себептүүлүктө - себеп, ал эми детерминацияда - детерминант үстөмдүк кылса, анда башка факторлордон өзүнчө бөлүнүп турган функционалдык детерминацияда орун жок. Функционалдык детерминацияда "...система анын тышкы аспектисинин өңүтүндө каралат. Эми бизди системанын башкалар менен алардын объекттеринен б.а. чөйрөсүнөн тышкары болгон бүтүндүк карым-катнаштары кызыктырат. Ошого ылайык, анын ички мазмунуна тийбестен функция, же жүрүм-туруму менен болот. Бул функционалдык детерминацияда кандайдыр-бир фактордун башканын үстүнөн болгон үстөмдүк учуруна эмес, факторлордун өз ара иш-аракеттеринин жана карым-катнаштарынын маанисине басым жасалат. Функционалдык ыкма - функционалдык детерминация өз ара шартталган факторлордун карым-катнаштарынын мүнөзүн тактоого багытталган. Функционалдык принциптин аталган учурун эске алуу менен Ю.Г. Марков конкреттүү факторлор менен анын когнитивдик багыттуулугун түшүндүрүүгө аракет кылат: "социалдык топтор менен жеке жактардын ортосундагы коомдук карым-катнаштарды изилдөөдө бизди адам кандай жаралган, анын анатомиясы менен физиологиясы кандай экендиги кызыктырбайт (көпчүлүк учурларда таптакыр кызыктырбайт). Ал өзүн кандай алып жүрөт, топтун башка мүчөлөрү нө кандай мамиле кылат, анын көз караштары менен муктаждыктары кандай экендиги маанилүү .

Турмуш-тиричиликте пайдалануучу ар кыл шаймандар менен аппараттардын түзүлүшү да биздин кызыгуубузду жаратпайт, бирок алар эмнеге дайындалгандыгын жана кандай иштерин дайыма билип жүрүүбүз зарыл. Шаймандар менен аппараттардын ички мазмунун изилдөөгө биз алардын функциялануусу таптакыр токтогондо же ага коюлган талаптардан оолактай баштаганда гана кайрылабыз.

Кондиционалдык методдун маанилүү элементи болуп эсептелген кондиционалдык детерминация (шарттуулук) негизи катары байланыш, өз ара байланыш, өз ара шарттуулук жана бүтүндүктүн элементтеринин иш-аракеттери таптакыр айырмаланып турат.

Белгилей кетүүчү нерсе, заттардын, предметтердин курамын изилдөөгө багытталган структуралык ыкма заманбап илимде олуттуу

көңүл бурулган структуралык детерминация менен тыгыз байланышкан. Структуралык анализ бүтүндүктүн курамдары менен элементтерин эле эмес, анын бөлүктөрүн да изилдейт. Демек, структуралык ыкма анын азыркысы эле эмес, келечеги да көз каранды болгон бүтүндүн ички шарттарын изилдөөгө багытталган.

Баарынан мурда, жогоруда аталган методдордун таптакыр түрдүү концептуалдуу компоненттери бар. Себептик методдун концептуалдуу компоненттери өзүнө төмөнкү элементтерди камтып турат: себеп, натыйжа жана себептүүлүк. Себептик методдун компоненттерине карата изилдөөчүлөрдө пикир келишпестик жок. Я.Г. Аскин, М. Бунге, В.Г. Иванов, К.И. Иванова, И.З. Налетов, Г.А. Свечников ж.б.у.с. изилдөөчүлөр себептик методдун жогоруда аталган курамын таанып билишет. Аталган элементтердин ичинен өзгөчө статусу менен себептик методдун системалык түзүүчү фактору катары себеп айырмаланат. Себеп натыйжаны пайда кылган динамикалуулугу, активдүүлүгү менен мүнөздөлөт. Себептин аталган эки белгиси себептик факторду себепсиздиктен айырмалоо үчүн эң олуттуу болуп эсептелет.

Натыйжалык себептен болгон айырмачылык пассивдүү абал менен мүнөздөлөт. Белгилүү бир деңгээлде себептик фактор кандай болсо натыйжа ошондой болот. Натыйжа өзүнүн себебинен тышкары чыгып кетпейт, бирок ал себептик факторго көз каранды болуп турат.

Андан тышкары, натыйжа энергия жана заттар планында андан көз каранды болуп, ага энергия менен себептик факторлордун заттары берилет, алар натыйжанын жаралуусунан кийин башка көрүнүшкө айланып, өзүнүн мурунку сапаты менен формасын жоготот.

**"Коомдун мыйзам ченемдүүлүктөрүн, тааным процессин жана** билимдердин калыптануусун изилдөөдөгү кондиционалдык методдун методологиялык ролу" аталыштагы экинчи бапта коомдун мыйзамдарынын жана алардын иш-аракеттеринин (ар кыл материалдык, руханий, социалдык, саясий ж.б.у.с.) детерминациялануусу, коомдун шарттары талдоого алынып, андан тышкары илимий таанымдын социомаданий детерминациясы жана билимдердин калыптануусу изилденет.

Экинчи баптын "Кондиционалдык методдун детерминациянын **билимдерине негизделген философиянын башка методдорунан айырмачылыгы"** аттуу биринчи параграфында коомдун мыйзамдарынын шарттуулугу анын пайда болуусунун ар кыл шарттары менен каралып, алардын бардык жалпылыгы, олуттуулугу, кайталануучулугу, объективдүүлүгү, көрүнүүчүлүгү ж.б.у.с. баса белгиленет.



Аталган диссертацияда талдоого алынган маселенин контекстинде коомдун мыйзамдары алардын шарттарынын таасири алдында пайда болушат, функцияланышат же өнүгүшөөрүн белгилей кетүү абзел. Жадатма болсо да белгилей кетүүчү нерсе, социалдык чөйрөдө болуп жаткан бардык процесстерди, окуяларды детерминациялоо менен коомго эң олуттуу таасирин тийгизген коомдун мыйзамдары өз кезегинде шарттар менен детерминацияланат. Аталган көз караште коомдун мыйзамдары коомдук процесстерге детерминациялоочу таасирин тийгизген эң алгачкы кыш болуп эсептелбестен, өзүнө болмуштун уникалдуу көрүнүшү катары коомдун өзүнүн көп сандаган тышкы жана ички, жалпы жана конкреттүү, зарыл жана кокустук шарттардын синтезинин негизинде гана пайда болгон "экинчи звенону" камтып турат. Демек, коомдун мыйзамдары социалдык жашоонун ар кыл көрүнүштөрүн детерминациялап эле тим болбостон, алардын өзүлөрү функциялануусунун жеке шарттары менен шарталышкан. Бул жерде чыныгы "башкы" катары коомдун мыйзамдары эмес, алардын детерминациялоочу шарттары эсептелишет.

Эми коомдун мыйзамдарынын детерминациялануусун ар кыл шарттар жана алардын типологиясы менен кароого киришебиз.

Коомдук өнүгүүнүн бирден-бир маанилүү мыйзамдарынан болуп коомдун бардык чөйрөлөрүнүн өндүрүш ыкмасынын өнүгүү деңгээлинен болгон көз карандылык мыйзамы эсептелет. Талдоого алынып жаткан мыйзам көптөгөн изилдөөчүлөр тарабынан негизги социологиялык мыйзам катары квалификацияланат. Аталган мыйзамдын маңызы социалдык турмуштун бардык чөйрөлөрүнүн өндүрүш ыкмасынын өнүгүү деңгээлинен болгон шарттуулугу менен көрүнөт. Өндүрүш ыкмасынын деңгээли кандай болсо, материалдык жыргалчылыктардын, рухий продукциянын, демографиялык процесстердин, илимдин, мамлекеттик жана коомдук институттардын ж.б.у.с. абалынын мүнөзү да ошондой болот. Коомдо өндүрүш ыкмасынын деңгээлинен абсолюттуу түрдө көз карандысыз болгон кандайдыр-бир көрүнүш пайда боло албайт. Өндүрүштүн ыкмасынын жана мүнөзүнүн деңгээли түздөн-түз же ирети менен коомдун бардык чөйрөлөрүн детерминациялайт деп чоң ишенимдүүлүк менен айтууга болот.

Эгерде заманбап коомдун өндүрүш ыкмасынын структурасынын өзүндө кандай жаңы процесстер болуп, андан тышкары аталган чөйрөдө кандай жаңы ички шарттар калыптанып жаткандыгын талдоого аракет жасай турган болсок, анда баарынан мурда өнүккөн заманбап өлкөлөрдүн өндүрүш ыкмасында бардык эле өзгөрүүсүз, жумшак бойдон калбасын, мурда олуттуу орунга ээ болбогон өзгөрүүлөр болот. Аларга төмөнкүлөр таандык: өндүрүш системасындагы адамдын интеллектуалдык